**Эл аралык медицина факультетинин социалдык –гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын усулдук иштери боюнча 2018-2019-окуу жылында аткарган иштеринин эсеп-кысабы**

1. Кафедрада усулдук кеңештин планы түзүлүп, жыл башында кафедранын отурумунда бекитилип, ар бир иш- чара ошол пландын негизинде жүргүзүлөт. Окуу- методикалык кеңештин 2018-2019-окуу жылы үчүн иш-планы жаңыланып, түзүлүп бекитилинген. Пландалган иш- аракеттердин жооптуулары , аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн.
2. Окуу план боюнча кафедрадагы дисциплиналардын окуу-методикалык комплекси: аннотация, рецензиялар, дисциплинанын НББПдагы окутуунун натыйжалары (ОН) жана компетенцияларын калыптандыруусу боюнча кафедранын жыйынында талкууланып бекитилген. Мамлекеттик билим бер\\ стандарттынын негизинде дисциплиналардын жумушчу программалары, силлабустар, сабактын иштелмелери, баалоо каражаттары кайрадан иштелип чыгылган. Глоссарий, методикалык көрсөтмөлөр толукталган. Дисциплиналар боюнча ОМКлардын электрондук варианттары даярдоо уланууда.Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн контролдук суроолору жана тесттик тапшырмаларды түзүлгөн.

3. Баалоо каражаттарынын фонду, баалоонун критерийлери, студентти баалоонун түрлөрү,силлабустарга киргизилүүсү боюнча кафедранын усулдук кеңешинин жыйынында каралып , толуктоолор киргизилген.(тиркеме 2018-жыл. 3-октябрь)

4. Сабактарга өз ара катышуунун уюштурулушу. 2018-2019 – окуу жылы үчүн өз ара жана сабактарга катышуунун графиги түзүлгөн. Ошол график боюнча бош убактыларында окутуучулар өз ара жана ачык сабактарга катышышат жанатажрыйба алмашышат.Сабактарга анализ берилип, сунуш-пикирлер катышуу баракчасына жазылып тапшырылат.(тиркеме)

5. Ачык сабактын графиги түзүлүп, ошонун негизинде план-иштелмелер жазылат.Белгиленген убакытта ачык сабактар өтүлөт.Окутуучулар сунуш-пикирлерин өз ара сабакка катышу баракчаларына жазышат. Талкууланган план-иштелмелер жана баракчалар кафедрадагы атайын папкада сакталат.(тиркеме)

6. Усулдук, тематикалык семинарлар усулдук кеңештин планында камтылган.
Семинарлар интерактивдүү формада өткөрүлөт. Ар бир окутуучу семинарга активдүү катышып, жаңы стратегиялардын кадамдарын, максаттарын үйрөнүп, пайдалануу жана эффективдүүлүгү жөнүндө кызуу талкуулашат.
Окутуунун жаңы стратегиялары сабакты кызыктуу өтүүгө, студенттерди сабакка тартууга жана активдүү катышууга чоң салымын кошууда.

7. СГД кафедрасынын « Жаш окутуучулар мектебинин» устат жана шакирттери тарабынан план түзүлүп, анын аткарылуу деңгээлин кафедра башчысы жана усулдук кеңештин жетекчиси көзөмөлгө алат.

СГД кафедрасынын усулдук кеңешинин төрайымы __________Маматова А.Б.